**БИШКЕК ШААРЫНЫН МЭРИЯСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ БАШКАРМАЛЫГЫ**

**БИРИНЧИ МАЙ РАЙОНУНУН №54 ЖАЛПЫ БИЛИМ БИЛИМ БЕРҮҮ МЕКТЕБИ**

**УПРАВЛЕНИЕ ОБРАЗОВАНИЯ МЭРИИ ГОРОДА БИШКЕК**

**СРЕДНЯЯ ОБЩЕОБРАЗОВАТЕЛЬНАЯ ШКОЛА №54 ПЕРВОМАЙСКОГО РАЙОНА**

**Буйрук** **Приказ**

07.09 2021-жыл №11/5 Бишкек ш.

**"Насаатчылыкты уюштуруу жана насаатчыларды даярдоо жөнүндө"**

Жаш адистердин кесиптик жактан өсүшүнө көмөк көрсөтүү жана окуу тарбия жана усулдук иштерине байланышкан милдеттерди жогорку деңгээлде аткарууга жөндөмдүү чебер мугалимдерди даярдоо максатында буйрук кылам:

1. 2021-2022- окуу жылындагы жаш адистерге насаатчылар дайындалсын:
кыргыз тили жана адабияты мугалими Алмазбекова Назат Алмазбековнага- Абдисаитова А.Д.
башталгыч классынын мугалими Бубаева Бермет - Акбаева З.Т.
башталгыч классынын мугалими Жаалбаева Айжан Кабыловна- Ернисбулова Н.К.
биология мугалими Кеңешбек кызы Айсулууга- Алчинова А.Д.
математика мугалими Арсенова Айман Айтказиевнага -Ыбраева Б.Н.
музыка мугалими Упабекова Динара Самидиновнага- Чыпаков М.
орус тил жана адабият мугалими Акрамова Динара Абдумуталиповнага- Джангазиева Э.Б
орус тил жана адабият мугалими Садырбек кызы Ханзадага- Токсонбаева У.Б.
тарых мугалими Акылбек кызы Алинага- Джумакова К.М.
тарых мугалими Омургазиева Айжамал Уланбековнага –Джумакова К.М.
чет тил мугалими Аскарбекова Нургиза Жумабековна -Атабаева Ж.К.
чет тил мугалими Исакулова Нургул Бактыбековна- Кайбылдаева Г.Ш

2. Насаатчы мугалимдер жаш адистер менен толук иш алып барышсын.

3. 2021-жылдын 15- сентябрына чейин усулдук бирикме жетекчилери жана насаатчылардын иш планын жана жаш адистердин кесиптик өнүгүүсү боюнча пландарын такташсын.

4. Насаатчылардын ишмердигине көзөмөл жүргүзүү усулдук бирикме жетекчилерине жана ОТИ боюнча директордун орун басары Джумакова К.М.жүктөлсүн.

5. Мектепте насаатчылык жөнүндө жобо усулдук ОТИ боюнча директордун орун басары Джумакова К.М. тарабынан бекитилсин.

6. Бул буйруктун аткарылышына ОТИ боюнча директордун орун басары Джумакова К.М. көзөмөлдөсүн.

**Директор** **Илиясова Ж.Т.**

# Бишкек шаарындагы №54 орто мектебинде методикалык иштерди алып барууда насаатчылыктын маанисн жана анын багыттары боюнча отчет анализ.

Иш ордунда окутууну, билим берүүнүнүн сапатын көтерүүнүн натыйжалуу аспабына айлантыруу зарыл. Айрым системаларда бул насаатчылардын жардамы менен ишке ашат

Насаатчылык – бул практикалык ыкмаларды жумушчу орунда окутуунун формасы. Насаатчылык адамдын профессионалдык компетенциясын көтерүүгө багытталган. Бирок бул жерде эки чектөө бар.

**Биринчиси:** Насаатчынын билими жана машыгуусу чексиз эмес. Насаатчынын алдындагы жаш мугалим эртеби кечпи өзүнүн насаатчысынан ашып кетүүсү мүмкүн. Мындай учурларда насаатчылык процесси практикалык маанисин жоготот. Ошондуктан насаатчы алдындагыдан ар дайым сырткы окуунун эсебинен же алдындагы интенсивдүү маалымат алмашууда бир кадам алдыда болуп туруусу керек.

Азыр эми акыркы айтылгандан экинчи чектөө келип чыгат: насаатчылык мындай учурларда жөн гана практикалык ыкмаларды окутуу эмес, ишке негизинен башкача мамилени талап кылып түзүлгөн билим системасы.

Насаатчылык сабаттуу түзүлгөн жана туура кызматташтырылган система, мектеп администрациясы жана билим башкаруусу төмөнкү натыйжаларга жетүүгө мүмкүндүк берет.

1) насаатчынын өзүнүн, насаатчылык системасына тартылгандардын, бардык кызматчылардын профессионалдык деңгээлин жана машыгууларын көтерүү;

2) профессионалдык статусун көтөрүү үчүн кошумча мүмкүнчүлүктөрдү көрсөтүү жана профессионалдык түзүлгөн мотивацияны күчөтүүнүн эсебинен кадрлардын туруксуздугун төмөндөтүү;

3) таратуучулар, тажрыйбалуу мугалимдердин профессионалдык жоголуу коркунучун төмөндөтүү

Мектеп системасынын жүрүшүндө насаатчылыкты тажрыйбалуу жана квалификациялуу мугалимдер жаш мугалимге өзүнүн билимин жана профессионалдык сапаттарын натыйжалуу аткаруу үчүн зарыл болгон билим жана ыкманы берүү көрсөтүлөт. Жаш мугалимди бүгүнкү күндө жумуш ордунда натыйжалуу болгон ыкмалардын квалификациясын көтөрүүгө, окутууга өзгөчө көңүл бөлөт.

Бирок насаатчылыкты жаш мугалимдин мектеп иштерине кошуу процедурасы катары түшүнбөө керек. Насаатчылык мектеп ичиндеги кең системаны кеңүүгө божомолдоо убагындагы класс жетекчилердин жана предметтик мугалимдер жаатында өтө тар профессионалдык чөйрөнү чечимди карайт.

Насаатчынын ишинин натыйжалуулугу түз эле насаатчы менен алдындагы жаш мугалимдин, жана башка кызматчылар, жетекчилер менен өз ара байланышуу системасынын туура түзүлгөнүнө байланыштуу. Алардын реалдуу өнүктүрүлүшүнө бирдиктүү киришүү түзүлүшү керек. Берилген билим жана ыкмалар ушундай гана учурларда гана практикалык ишке ашуу болот. Алардын биригишүүсүнө түрткү болгон, эгер эки тарапта тең далилдү болсо, насаатчылык өзүнүн жакшы жемишин берет, мисалы;

| Насаатчы | Алдындагы жаш мугалим |
| --- | --- |
| 1.өзүн өзү бекитүү<br>2.бийликти көрсөтүү<br>3.тарбиялоо<br>4.жоопкерчилик<br>5.тынчсыздануу<br>6.патернализм | 1.кадырын көтөрүүгө жардам берүү<br>2.өз ара жардамдашуу рейтингин көтөрүү,<br>3.жетекчиликти жактыруу |

Насаатчы –бул алдындагы жаш мугалимге бере турган зарыл болгон билим жана ыкмаларын, ошондой эле бул иштер үчүн зарылдыктарга ээ болгон ар бир тажрыйбалуу мугалим ойной алган роль.

Насаатчылыктын ролун ким алаары коюлган маселелердин өзгөчөлүгүнө жараша болот. Насаатчынын ролундагы кандидат төрт негизги компетенцияга ээ болуусу керек.

1) профессионалдык ыкмаларды берүүдө эксперттикке ээ болуу;
2) эң жакшы коммуникативдик ыкмалар- элдер менен тил табышып кетүү;
3) жакшы административдик ыкмалар ойлу так айтууну жана маселелерди коюну билүү, аткарылган иштерди уюштуруу жана текшерүү, натыйжаларды анализдөө жана корректировкалоо.
4) өзү окуу насаатчыга насаатчылык иштерден жаңы билимдерди, ыкмаларды жана тажрыйбаларды сууруп чыгууга мүмкүндүк берилген сапат.

Ал эми жаш мугалимди жаңы тексттерди жазууга мүмкүн болгон ак барак сыяктуу кабыл алууга болбойт. Ар бир жаш мугалим майда-чүйдөдө насаатчы үчүн жана бүтүндөй окуу процесси үчүн пайдалуу боло турган белгилүү тажрыйба жана билимдин ээси болуп саналат.

Аларды убагында байкап жана туура колдонууну билүү керек.

Биздин мектепте 64 мугалим эмгектенет,алардын көпчүлүгү жогорку квалификацияга ээ болгон мугалимдер мугалимдик кесипти ийгиликтүү өздөштүрүп жатышат. Насаатчылык боюнча иштер жакшы жолго коюлган.

Мектепте насаатчылык жана түрдүү окутуу программаларын өз алдынча иштеп чыгуу боюнча көндүмдөргө ээ тажрыйбалуу мугалимдер иштешет. Мектепте өзгөчө жаш мугалимдер менен иштөө жакшы жолго коюлган. Анын үстүнө мектептин тажрыйбалуу мугалимдери командада иштей алышат,өз тажрыйбаларын менен бөлүшүүгө даяр,а мектеп ичинде өтүүчү семинарларда,конференцияларда жана башка иш чараларда көрсөтө алышат жана насаатчылар мугалимдерге "окутууну жакшыртууну пландаштыруу окутуунун милдеттерин коё билүү жана чече билүү,окуучуларды формативдик баалоо системасын өздөштүрүү" боюнча усулдук жардам көрсөтүп турушат. Мугалимдер окутуунун жана тарбиялоонун жаңы технологияларын биргеликте үйрөнүү менен аларды практикада колдонуудан кийин натыйжаларды жалпылап аларды райондук ,областык республикалык деңгээлде алып чыгышат. Семинарларды,тренингди ,педагогикалык окууларды,чеберчилик класстарын өткөрүү үчүн усулдук иштин багыттары;

- **Окуу жана жазуу аркылуу сынчыл көз карашты өнүктүрүү**
- **Мектепти жакшыртуу**
- **Көп маданияттуу жана көп тилдүү билим берүү**
- **Жогорку класста сабакты уюштуруу формалары**
- **Окутуунун инновациялык усулу**
- **Таланттуу жана начар жетишкен балдарды психологиялык-педагогикалык жактан колдоо жана жекече окутуу**
- **Өнүктүрүүчү окутуунун технологиясы**

Ар бир мугалимдин ачык сабак өтүшү жана ал сабактарга кесиптештеринин чоң тобунун катышуусу талап кылынат: бул алдыңкы тажрыйбанын жайылышына себеп болот,ачык сабактар мугалимге сөзүнүн иши тууралуу башка адистердин пикирин угууга мүмкүнчүлүк берет жана мугалимдин өз сапаты үчүн жоопкерчилигин жогорулатат, натыйжаларды баалоого жардам берет.Мектептеги усулдук кеңешти директордун окуу –тарбия иштери боюнча орун басары Джумакова К.М.жетектейт. Отурумдар чейректе бир жолу болот,көбүнесе кеңири отурумдар өткөрүлөт. Ар бир иш чара (семинарлар,тренингдер,педагогикалык окуулар, майрам, фестивалдар ж.б ) документтештирилген б.а портфолио,сүрөттөр,кошумча материалдарды көрүүгө болот. Мектептин ар бир мугалими ошондой эле жаш мугалимдер да портфолиону колдонуп,класстык иш-чараны же ачык сабактарды өткөрүүгө мүмкүнчүлүк алат,колдонуунун өзгөчө шарты өзүнүн табылгасы менен папкага толуктай алат. Бири –биринен сабак алып жаткан мугалимдерге шарт түзүп берүү –билим берүү системасынын эң маанилүү маселелеринин бири.Демек бир жумага сабактардын жүгүртмөсүн түзүүдө мугалим үчүн бир усулдук күн бөлүнүшү керек,ал аны өзүнүн билимин жогорулатууга жана кесиптештеринин сабактарына катышууга жумшайт жана усулдук адабияттын жаңыланышын эске алынышы керек.

Насаатчылык кыска мезгилдин ичинде окутуунун натыйжаларын олуттуу жакшыртууга мүмкүнчүлүк бере алат жана ишти баалоо жана кайтарым байланыш мугалимдердин өз ишине канааттангандык сезимин жогорулатат.

ОТИ боюнча мектеп директорунун орун басары: Джумакова К.М.